Бекитилди

2013 -жылдын 10-декабрындагы
№175 токтому менен

# КР шайлоо процессинин катышуучуларын окутуу боюнча бирдиктүү стандарт

**Мазмуну:**


1. **Негизги түшүнүктөр**
2. **Жалпы жоболор**
3. **Шайлоо процессин окутуунун максаттары, милдеттери жана натыйжалары**
4. **Окутуунун тармактары**
5. **Окуу жүктөмгө карата талаптар**
6. **Баалоо системасы**
7. **Окутуу системасына мамлекеттик коомдук башкаруу**

## 1. Негизги түшүнүктөр

**Бирдиктүү стандарт –** шайлоо процесстин катышуучуларын окутуу тартибин жөнгө салуучу ченемдик документ

**Шайлоо процесстин катышуучулары:**

- Шайлоочулар
- Саясий партиялар жана алардын өкүлдөрү
- Шайлоо комиссиялары
- Шайлануучу кызмат орундарга талапкерлер
- Жалпыга маалымдоо каражаттар
- Байкоочулар
- Коомдук (коммерциялык эмес) уюмдар
- Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары

## 2. Жалпы жоболор

Бирдиктүү стандарт Кыргыз Республикасынын шайлоо процессинин катышуучуларын менчик формасына жана ведомстволук баш ийүүчүлүгүнө карабастан, ишке ашырган окутуунун бардык түрлөрү жана типтери үчүн негизги милдеттүү ченемдик документ болуп саналат (мындан ары - уюштуруу-укуктук форма).

Бирдиктүү Стандарт төмөнкүлөрдү белгилейт:

- Бирдиктүү Стандартта колдонулган негизги аныктамаларды;

- окутуунун деңгээлин жана түзүмүн;

- окутуу программалардын мазмунуна карата талаптарды;

- бүтүрүүчүлөрдүн (окуган адамдардын) даярдык деңгээлине карата талаптарды;

- түпкү окуу модулдарга карата талаптарды;

- окуп жаткан адамдарга карата окуу жүктөмдүн көлөмү;

- Бирдиктүү Стандартты жүзөгө ашыруу шарттарга карата талаптарды;

- окугандыгы жөнүндө бекитилген үлгүдөгү документтерди;

- Окутуунун Бирдиктүү Стандартын сакталышына мамлекеттик жана коомдук контролду ишке ашыруу тартибин;

- Окутуунун Бирдиктүү Стандартын ишке ашырууга жоопкерчиликти.

Бирдиктүү Стандартты ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары-БШК) анын колдонуу мөөнөтүн белгилейт жана бекитет.

Бирдиктүү Стандарт окутуу модулдарды жана шайлоо процесстин бардык катышуучуларын окутуу үчүн программаларды иштеп чыгууга негиз болуп саналат.

Окууну уюштургандар Бирдиктүү Стандартты ишке ашыруу үчүн зарыл (кадрдык, окутуу-методикалык, материалдык-техникалык) шарттарды түзөт.

Ушул Бирдиктүү Стандартка ылайык, Кыргыз Республикасында шайлоо процесстин катышуучуларын окутуу төмөнкү милдеттүү принциптерде түзүлөт:

- жеткиликтүүлүк –бардык угуучуларга окуу материалдарды берүү

- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, кадрдык резервинин, байкоочулардын жана шайлоо процесстин башка катышуучуларынын кесиптик жактан даяр болуу милдеттүүлүгү

- дифференциялуулук – максаттуу аудиторияга жараша окутуу-методикалык материалдарды даярдоо жана окутуу процессин уюштурууга ар кандай ыкмалардын бар болуу

- окутуу тилдин жөнөкөйлүгү

- окутуу материалдардын тексттеринин жөнөкөйлүгү жана жеткиликтүүлүгү (окуу куралдар, колдонмолор, жолдомолор ж.б.),

- окутуунун көрсөтмө материалдарынын жөнөкөйлүгү жана жеткиликтүүлүгү (плакаттар, схемалар ж.б.)

- окутуу процессинде теориялык жана практикалык көнүгүүлөрдү айкалыштыруу

- ролдук оюндар, эксперимент ж.б. сыяктуу окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдонуу

- технологиялуулук – окутуунун жана илимди контролдоонун электрондук каражаттарын колдонуу (электрондук билим берүү курстары, компьютердик тестирлөө программалары, окутуу тасмалар, видеокурстар)

- текшерүү баракчаларды милдеттүү түрдө колдонуу

- окуу материалдардын мамлекеттик жана расмий тилдерде бирдей болушу

## 3. Шайлоо процесси боюнча окутуунун максаттары, милдеттери жана натыйжалары

### *3.1. Окутуунун максаттары*

Окутуунун максаты – шайлоо комиссиялардын системасынын кесипкөй жана компетенттүү кадрларын, байкоочуларын жана шайлоо процесстин башка катышуучуларын даярдоо.

- Окуган адамдарда бардык деңгээлдеги шайлоолорду уюштуруу талабына жооп берген илимди калыптоо;
- Өз милдеттерин ишке ашыруу үчүн зарыл жөндөмдөрдү жана иш билгилигин өздөштүрүү;
- Өз алдынча окуп билим алууга, өз алдынча ишин уюштурууга, өз алдынча контролго алууга, өз алдынча баалоого умтулуу;
- Кызматташтык, сунуштарды коллектив менен талкулоо жана көйгөйлөрдү чечүү иш билгилигин жана жөндөмдүлүгүн калыптоо

### *3.2. Окутуунун максаттары*

- Угуучуларды шайлоо укуктарынын жана процессинин укуктук негиздери менен тааныштыруу;

- Шайлоо аралык мезгилдеги, шайлоону даярдоо, уюштуруу жана өткөрүү мезгилдеги, добуш берүү күнү, шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө жана добуш берүүнүн жыйынтыгын аныктоодо, даттануу тартиптеги ж.б. иштердин жөндөмүнө жетишүү. Окуп жаткан адамдардын жана бүтүрүүчүлөрдүн даярдоо деңгээлине карата талаптар төмөнкү ишкердүүлүк формада берилет: «Билүү жана түшүнүү», «Кыла билүү (шайлоону уюштуруу жөндөмүнө ээ болуу)», «Шайлоо процессти уюштурууда алган илимдерин жана жөндөмдөрүн пайдалануу»
- Окуп жаткан адамдарда компетенттүүлүктү, өз алдынча иштегендикти, демилгечиликти жана өз алдынча уюштуруу, өз аткарган иш үчүн жоопкерчиликти өзүнө алуу иш билгилигин өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү
- Жарандык маданияттын, толеранттуулуктун бийик деңгээлин калыптоо
- Коммуникативдик компетенттүүлүктү, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү иш билгилигин, мазмундуу компромисстерди издөө жана табуу.

### *3.3.* ***Окутуунун натыйжалары***

- Окутуунун натыйжасы болуп ар бир окуп жаткан адам үчүн жөндөм жана компетенттүүлүктүн жеке өздөштүргөн деңгээли саналат;
- Кыргыз Республикасында байкоочуларды, шайлоо комиссиялардын системасынын кесипкөй кадрлардын корпусун түзүү жана шайлоо процесстин башка катышуучуларынын укуктук маданиятын жогорулатуу;
- Шайлоо комиссияларынын кадрларын жана шайлоо процесстин башка катышуучуларын окутуунун сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуу;
- Кыргыз Республикасындагы шайлоо комиссияларын окутуу системасында маалыматтык технологияларды колдонуу заманбап деңгээлине жетүү үчүн уюштуруу, техникалык жана программалык шарттарынын комплексин түзүү жана шайлоо процесстин башка катышуучуларынын укуктук маданиятын жогорулатуу

- Кыргыз Республикасындагы шайлоо комиссияларынын курамынын жана шайлоо процесстин башка катышуучуларынын кесипкөй иши үчүн бирдиктүү маалыматтык-окутуу чөйрөнү түзүү;
- материалдык, финансылык жана кадр ресурстарды шайлоо комиссияларынын кадрларын окутуу жана шайлоо процесстин башка катышуучуларын окутуу системасын өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына салуу, бюджеттин жана бюджеттен тышкары каражаттардын чыгымдарын оптимизациялоо.

### 3.3.2. Компетенттүүлүк окутуунун натыйжасы

Окутуунун натыйжалуулугунун көрсөткүчү болуп ар бир конкреттүү окуп жаткан адамда окуу процесстин таасиринен улам болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн мүнөзү эсептелинет.

Компетенттүүлүк окуп жаткан адамдар тарабынан сабак учурунда окуу процессинде жана андан тышкары ишмердүүлүктүн ар кандай (билим берүү, социалдык) түрлөрүн ишке ашырууда калыптанат. Окуп жаткан адамдын практикалык жактан даярдалышынын негизги ыкмалары бул - өз алдынча иштөө, долборлоо, эксперимент, ролдук оюндар ж.б.

Компетенттүүлүк окуу материалдын негизинде ишке ашырылган (түзүлгөн) жана окуп жаткан адамдын социалдык тажрыйбасында негизделген окутуунун натыйжасы болуп саналат.

## 4. Окутуу процесси

1. Бирдиктүү Стандарт боюнча өткөрүлгөн окутуу программалар төмөнкү мүнөздөмөлөргө ылайык түзүлүүгө тийиш:

- Окуп жаткан адамдардын категориясы;
- Иш-чаранын аталышы;
- Окутууну өткөрүүнүн мөөнөтү, мезгилдүүлүгү жана жери;

- Окутуу-методикалык материалдардын тизмеси;
- Окутуу-методикалык материалдарды даярдоо жана окутууну уюштуруу үчүн жооптуулар.

2. Шайлоо аралык мезгилдеги окутуу программаларды (негизги программаларды) жана тийиштүү деңгээлдеги шайлоого даярдануу учурундагы (атайын программаларды) дифференциялоо зарыл:

   2.1. Шайлоо укугу жана процесси боюнча негизги окутуу программанын мазмунунун милдеттүү минимуму бирдиктүү жана шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилиндеги шайлоо процессинин бардык стадияларын камтууга тийиш. Негизги программалар милдеттүү жана бирдиктүү болуп саналат, башкача айтканда ар бир кийинки программа ага чейинки программага негизделет. Шайлоо аралык мезгилде окутууну жүргүзүүдө программа төмөнкү милдеттүү элементтерди кошууга тийиш::

   - Эл аралык жана улуттук тажрыйбаны эсепке алуу менен шайлоо процесстин негизги принциптери жөнүндө маалыматты;
   - Окутуу программанын түзүмүндөгү теориялык маалыматты
   - Практикалык тапшырмаларды, көрсөтмө маалыматтарды колдонуу
   - Окутуунун катышуучулары алган илимди сапаттык жана сандык жагынан текшерүү
   - Окутуунун катышуучуларынын билимин жана даярдыгынын деңгээлинин бирдей эместигин эсепке алуу

   2.2. Шайлоону даярдоо учурунда окутуунун атайын программасы тиешелүү деңгээлдеги шайлоонун өзгөчөлүктөрүн жана мөөнөттөрүн кароого тийиш, тактап айтканда шайлоо алдындагы окутууну өткөрүүдө программа тиешелүү деңгээлдеги шайлоону өткөрүүнүн бардык өзгөчөлүктөрүн камтууга тийиш.

3. Ушул Бирдиктүү Стандарттын негизинде ар кандай программалар (автордук, эксперименталдык ж.б.) иштелип чыгып жана ишке ашырылышы мүмкүн.

4. Бирдиктүү Стандартты ишке ашыруунун алкагындагы иштин зарыл багыттары болуп, аны өткөрүү формасына карабастан, окутуу

процессинин окутуу-методикалык камсыздоо жана түздөн-түз окутуу процессинин өзү, аны даярдоо, тесттерди тапшыруу, эсептелинет. Окутуу-методикалык камсыздоо өзүнө окутуу-методикалык материалдарды даярдоону жана аларды жайылтууну камтыйт.

5. Окутууда окутуу материалдарды сапаттуу жана толук кабыл алуу үчүн төмөнкүлөрдү пайдалануу мүмкүн:

- Көйгөйлүү жагдайлардын, окутуу маселелердин жыйындысын;
- Окутуунун жана билимди контролдоонун электрондук каражаттарын (электрондук китептер, компьютердик тестирлөө программалары, окутуу тасмалары, видеокурстар);
- Ишкердик оюндардын, тренингдердин, отурумдардын, «тегерек столдордун» сценарийлерин;
- Ишкер оюндарды жана практикалык сабактарды өткөрүү боюнча методикалык сунуштамаларын;
- Аттестация жана билим деңгээлин баалоо боюнча методиканы;

6. Окуп жаткан адамдарга окуу куралдар (колдонмолор, көрсөтмө пособиелер, электрондук курстар, видеотасмалар) жана тренинг өткөрүү үчүн тиешелүү жай берилет.

7. Шайлоо процессинин катышуучуларын окутуу эки баскычтан турган система боюнча ишке ашырылат:

Биринчи баскыч – окутууну өткөрүү жана окутуунун катышуучуларын кийинки окуусу үчүн машыктыруучуларды даярдоо (машыктыруучу курамды даярдоо курстары).

Экинчи баскыч – шайлоо процессинин тиешелүү катышуучуларын окутуу.

8. Окутуунун формасы – күндүзгү (окутуунун катышуучусунун дайыма жеке катышуусу талап), зарыл болгон учурда күндүзгү окуудан тышкары - дистанттык окуу ыкмаларын колдонууда.

Күндүзгү окутууда – тренингде окуп жаткан адамдардын саны 20-25 адамдан ашпоого тийиш. Брифинг жана теориялык сабактарда окуп жаткан адамдардын саны – 60 адамдан ашпоого тийиш.

**5. Окутуу жүктөмгө карата талаптар**

1. Окутуу узактыгынын ченеми окутуунун негизги жана атайын программаларына өзүнчө түзүлөт.

    Негизги программаларда төмөнкүлөр каралышы керек:

    - 3 күндөн кем эмес \ календарлык жыл ичинде 24 саат;

    Атайын программаларда төмөнкүлөр каралышы керек:

    - 1 күндөн кем эмес \ календарлык жыл ичинде 8 саат.

2. Окутуунун (тренингдин\семинардын) узактыгын БШК жана окутуунун башка уюштуруучулары белгилейт.

**6. Баалоо**

**Баалоонун максаты** бул окутуунун катышуучулары тарабынан шайлоо процессинде маалыматты жана жөндөмдү, иш билгиликти практикалык жактан колдонууну; окутуунун натыйжалуулугу жөнүндө окутуунун катышуучусу менен кайтарым байланышты түзүүнүн деңгээлин аныктоо, анын өз алдынча оң баа берүүнү, мотивациясын бекемдөөнү колдоо болуп саналат.

**Баалоонун негизги принциптери:**

1. Баалоонун түзүү критерийлери, тартиби жана жол-жоболору окутуунун катышуучуларына чейин окутуу процессинин башталышына чейин аныкталышы/айтылышы керек (мисалы: илимдин жана жөндөмдүн көлөмү, тууралыгы, тактыгы, логикага негизделгендиги, өз алдынча колдонуу ж.б.);

2. Баалоо окутуу программага карата адекваттуу болууга тийиш (негизги жана атайын);

3. Окутуунун катышуучусу өз баалары тууралуу маалымат алууга укуктуу

4. Баалоо буга чейин белгиленген баалоонун тиби/тери боюнча жүргүзүлүүгө тийиш б.а. жазуу, оозеки, ишмердүүлүк, тестирлөө жүзүндө ж.б.

5. Окутуунун катышуучусу балоонун натыйжаларына тиешелүү маалымат алагандан киийн, окутуунун жетекчисине жазуу жүзүндө арыз берүү аркылуу датаанууга укуктуу

**7. Окутуу системасына мамлекеттик-коомдук башкаруу**

Окутуу процессинин катышуучуларынын ролу жана жоопкерчилиги

Бирдиктүү Стандартынын окутуунун программалык мазмуну бөлүгүндөгү талаптарын сактоонун мамлекеттик жактан контролдоо, окутуунун натыйжалары боюнча сертификаттарды берүү КР БШКнын айрыкча укугу болуп саналат.

Мамлекеттик билим берүү стандарттарды ишке ашыруу үчүн жоопкерчиликти Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы тартат. Эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдар техникалык көмөктөрүн өз компетенциясынын алкагында беришет.